# Таанышуу



Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

# Таанышуу

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Таанышуу" (кыргыз тилинде), автор Айжамал Молдогазиева, сүрөтчү Гүлжан Ишеналиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Токойдо үлүл жашачу. Ал үлүлдүн кичинекей баласы болуптур. Кичинекей үлүлдүн апасы баласына ат койбоптур. Күндөрдүн бир күнүндө кичинекей үлүл үйдөн чыгып, токой аралап жөнөдү. Токойдун кооздугуна абдан суктанып, өзү аралап келе жаткан чөптөрдүн өтө узундугуна, бийиктигине таңданып, айлана-чөйрөгө таңыркай карап жатты.

Ал өзүнөн чоң курт-кумурскаларды көрүп, алардай болгусу келди.

– Саламатсызбы?! Ай, иий, ай! Сиз кимсиз? – деп жолуккандардан сурап жатты.. – Сиз абдан чоң экенсиз.

– Саламатчылык! Мен чычканмын. Ооба, мен сенден чоңмун. Менден да чоң жаныбарлар жана канаттуулар бар. Сен кайда бара жатасың?

– Мен… Мен таанышканы чыктым… Сиз эмне кылып жатасыз?

– Мен жумуш кылып жатам. Жер казам. Өзүмө үй куруп жатам. Мага көп тоскоол болбо. Сага көңүлдүү күн каалайм!

– Ыракмат, сизге!





Үлүл андан ары сапар алып жөнөдү. Негедир кыялында чычкан болгусу келип бара жатты.

Жолдон татынакай айланкөчөктү көрдү.

– Саламатсызбы?! Сиз кимсиз?

– Саламатчылык! Мен айланкөчөкмүн. Бул жакта эмне кылып жүрөсүң?

Үлүл жооп бергенчекти, айланкөчөк канатын жайды. Аны көрүп үлүлдүн көздөрү бакырайып:

– Сиз кичине болсоңуз да уча аласызбы? – деди.

– Ооба, уча алам, – деп үлүлдү карап жылмайды.

– Кантип учасыз?


Мына, карап тур учканымды.

Айланкөчөк канатын жайды. Назик канаттарын дирилдетип, өйдөнү көздөй көтөрүлдү да, бийигирээк айланып учту. Таң калган үлүлдүн көздөрү жадырап, учкусу келип кетти. Айланкөчөк ары-бери айланып учуп келип жерге конду да:

– Мына, бул канаттар мени каалаган жериме алып барат. Кичинекей досум, сак бол! Күчтүүлөр илип кетпесин!

– А мен уча аламбы? Сизден чоңмун го?

– Жок, сен уча албайсың. Чоң болсо эле учуш керекпи? Сенин канаттарың жок да. Канаты барлар гана уча алат. Ар кимдин өзүнүн артыкчылыгы болот. Сенин кылганыңды мисалы, мен кыла албайм, – деди да айланкөчөк учуп кетти.



Ал эми үлүл болсо, айланкөчөктөй болуп, алыска учуп баргысы келип, кыялданган боюнча сапарын улады. Жолдон чөптөргө өзүнүн желесин тартып, өз түйшүгүн тарткан жөргөмүшкө жолукту.

– Ай, иий, ай! Кандай гана сонун! Буларды эмне  кыласыз?

– Кутман күн! Бул – желе. Менин торум. Азык табуу үчүн ушул торумду токуйм. Сен эмне кылып жүрөсүң?

– Мен сейилдегени чыктым. Сиз менден дагы кичинесиз го?

– Ооба. Сенден кичинемин. Бирок, сенден да чоң жөргөмүштөр болот. Бардык жан-жаныбарлардын, курт-кумурскалардын, өсүмдүктөрдүн да чоңу-кичинеси бар. Ар бир жандыктын өзүнө жараша жашоосу болот. Эч качан башка жандыкты туураба. Анткени, сен аларга окшош эмессиң.

– Түшүндүм. Мен деген үлүлмүн да. Эч качан жөргөмүш же чычкан боло албайм. Туурабы?

– Ооба, туура, – деди жөргөмүш. – Акылыңдан сенин! – деген үндөн үлүл чочуп кетти. Караса, апасы экен.

– Апаа! Апаке! Мен сизди сагындым.

– Кичинекей үлүлүм, сени аябай издедим! Жалгыз эч жакка чыкпа, макулбу?

– Макул, апаке! Кечирип коюңуз.

Үлүл апасы экөө үйдү көздөй жөнөштү. Кичинекей үлүл апасына кимдер менен таанышканын божурап айтып берип бара жатты.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Гүлжан Ишеналиева
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли